# Наристе

6+

машайакчылардын балдарга арналган журналы

5

2020



# АЯТТЫ ОКУ!

**Сөздөрдүн баарын номурларына ылайык көчүрүп жаз, ошондо забурчулардын бири Ааламдын Жаратуучусун кантип мактап ырдаганын билип аласың.**

4 Өзүңдүн

6 менен

8 Теңир

2 Сен

3 мени

5 жаратkандарың

7 кубанттың

1 Анткени

9 (Заб.91,5а)

______ ______ ______ ______ ______
1 2 3 4 5

______ ______, ______. ______
6 7 8 9




*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

# КИЧИНЕКЕЙ КЕРЕМЕТТЕР

Жашыл шибер туланды
Шүүдүрүм шуру тагынган,
Аймап жатат эне-уй
Сүт берүү үчүн балдарга.

Таң сүргөндө жылмайып,
Көп шүүдүрүм жылтырайт,
Мындай бермет шуруларды
Күндүз издеп таба албайм.

Кулунга окшош ак булуттар,
Күндүз калкыйт асманда,
А түнкүсүн асман бетин
Бербейт сансыз жылдыздар.

Айланада көп ажайып,
Дүйнө толо керемет!
Бизди сүйгөн Кудай-Теңир
Ак батасын мол төгөт.

# БАРДЫГЫ ТЕҢ КЕРЕМЕТ

Жайдыр-кыштыр ажайып,
Кереметтүү жер бети
Кышында кар,
Жайда гүлдөр
Көркке бөлөйт дүйнөнү.

Күздө түшүм, береке,
Алтын түстүү жалбырак.
Жазда жашыл,
Талаа, түздүк,
Токой, тоолор кулпурат.

Жайдыр-кыштыр ажайып,
Жазда, күздө кулпурган
Мен Өзүңдү,
Оо Теңирим,
Даңктасам дейм ар качан!

Баарын Өзүң жаратып,
Өмүр берип келесиң.
Бул жашоонун
Маңызы Сен!
Даңктайм Сени Теңирим!



*Сүрөтүн тарткан – Татьяна КОСТЕЦКАЯ*

# Жер деп аталган космостук аппарат

Элмира МУКУЛОВА



**5-бөлүм**

Эртең менен Азамат Мээримди мектептин алдында күтүп турду. Аны алыстан көрүп:

– Мээрим! Мен бир ачылыш жасадым! Биз асманда жашайбыз! – деп кыйкырды.

– Койчу, Азамат! Ушул күнгө чейин биз Жерде эле жашап келдик, – деп каршы болду Мээрим.

– Ээ, а Жер кайда орун алган? Асманда! Демек, биз Жер деп аталган космостук аппаратта жашап жаткан болобуз да, – деп Азамат сүйүнүп, бир ордунда тура албай секирип жатты.

– Заманбап искусство менен алектенүү мына ушуга алып келет тура, – деди алардын жанына басып келген Жека Мурасов. – Бардык сүрөтчүлөр бир аз... неме... болушат дейт го… Мындан алыс болсоңчу, Мээрим. Жүрү, андан көрө көлмө жээгине барабыз.

Аңгыча коңгуроо шыңгырап, баары класска чуркап кетишти. Жолдо баратып Азамат Мээримге:

– Мен кечээ изилдөө жүргүздүм, келсең, көрсөтөм, - деп айтканга үлгүрдү.

– Андан көрө сен биздикине кел, бөбөгүм Назардын бакчасында карантин экен, ошон үчүн апам анын жанында бол деди.

Сабактан кийин алар биринчи Азаматтыкына кайрылышты. Азамат үйүнөн класстаашына көрсөтмөкчү болгон нерсесин алып чыкты, анан экөө Мээримдикине барышты. Мээримдин апасы сүйүнүп кетти:

– Кандай, Азамат? Эми мен жумушка сарсанаа болбой бара берсем болот экен. Назардын курсагын ачырба, Мээрим.

Назар табагындагы шорпону ичпей, сабыры суз отурган эле. Азаматты көрүп ал жандана түштү. Анткени Азамат менен отурса кандай тамак болбосун даамдуу сезилээр эле, ал тургай, Азамат жанында болгондо, дары ичиш керек болсо да эч каршы болбой иччү. Азамат кашыкты бирде самолёт кылып, бирде кайык кылып, бирде поезд кылып, ойноп атып тамак жедирчү. Бүгүн болсо ал кашыкты ракета кылды. Азамат Назардын курсагын бат эле тойгузуп койду, атүгүл, ал тамактын даамын деле сезбей калды.

– Эми болсо мунун баарынын артынан космостук квази-жемиштерден жасалган ширени ичип коёлу! – деп бүтүрдү Азамат Назарга тамак берүүсүн.







Квази-жемиштер деген эмне экенин Назар түшүнгөн жок, бирок шире ага жакты.

– Дагы ичем! – деди ал ынтыгып.

– Болду, жетет! – деп ортого түшө калды Мээрим. – Мына, ичинде астероиди бар шоколадды же. Эми жүрү, бетиңди жууйлу, болбосо бетиңдин баары космостун баткагы болуптур.

Түшкү тамактан кийиин үчөө Мээримдин бөлмөсүнө келишти. Ошол жерде Азамат өзүнүн жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын көрсөтмөкчү болду. Анын жакшылап даярдаганын белгилей кетпесек болбойт. Күн системасындагы тогуз планетанын сүрөтү өз-өзүнчө барактарга тартылыптыр, ылдый жагына аларга мүнөздөмө берилиптир: көлөмү, Күндөн канча аралыкта турары, спутниктери. Мээрим Назарды жанындагы креслого отургузуп:

– Башта! – деп буйрук берди.

Азамат биринчи планетаны тааныштырды:

– Эмесе, Меркурий. Бул эң кичинекей планета. Ал Күнгө башка бардык планеталардан жакын, ошондуктан анын орбитасы эң кыска. Меркурий Күндү 88 суткада айланып чыгат – ал үчүн бир жыл ушунчага созулат. Бирок ал өз огунда өтө жай айланып, бир жылда бир жарым жолу айланат, башкача айтканда Меркурийдин жылында болгону бир жарым күн бар!



Чынында, Меркурийдеги бир сутка жердин 58 суткасына барабар, ошондуктан күн менен түн өтө узакка созулат, ошентип планетанын үстүңкү бети «күндүз» 430° С чейин ысып, ал эми «түнкүсүн» минус 180° С чейин муздайт.

Назар алаканын чапкылап жиберди. Мээрим менен Азамат күлүп жиберишти. Азамат сөзүн ары карай улантты:

– Жерге эң жакын планета – Венера, аны булуттардын калың катмары – күкүрт кислотасынын буусу курчап турат, ал катмар аркылуу радио толкундар гана өтөт. Ал жакта өтө ысык, температура плюс 470° С чейин жетет. Башка планеталардан айырмаланып, Венера тескери багытта айланат, тактап айтканда Күн Венерада батыштан чыгып, чыгыштан батат. Венерадагы бир күн жердеги 243 күнгө созулат.

Кийинки планета – биздин сүйүктүү Жер планетабыз. Жерде жашоо үчүн зарыл болгон азот менен кычкылтектен турган атмосфера бар. Атмосфера ар кандай температурадагы катмарларга бөлүнөт: жердин бетинен канча алыс болсо, ошончо муздак. Жердин бетиндеги орточо температура плюс 15° С, ал эми эң жогорку температура (плюс 70,7° С) тарыхта жүргүзүлгөн бардык ченөөлөрдүн ичинен 2007-жылы Лут чөлүндө (Иран) катталган. Эң төмөнкү температура – Антарктидада (минус 89,2° С). Жерде жашоо үчүн шарт түзгөн суу бар.

Аңгыча Назар кыңкыстап, креслодо тынч отурбай, ойдолой баштады. Азамат аны алаксытып:

– Бери карачы, Назар! Бул планетанын өңү кандай экен? – деди.

– Кызыл! – деп жооп берди балакай.

– Бул Марс. Ал биздин Жер планетабызга абдан окшош. Көрдүңбү, бул жерде дарыялар, тоолор, океандар... Окумуштуулар Марста суу бар деп эсептешет. Бирок Марста жашоо жок, анткени анын атмосферасында кычкылтек өтө аз. Эгер биз бул планетага барып консок, аба жетпей, думугуп калмакпыз.

Азамат кекиртегин кармап, жерге кулап калды. Назар каткырып күлдү. Азамат түрүн бузуп, сөзүн улантты:

– Эми мына бул килейген планеталарды карагылачы. Булар Юпитер, Сатурн, Уран жана Нептун. Буларды газ түрүндөгү гигант планеталар деп аташат. Буларда суу жок, ошондуктан биз ал жакка учуп барбайбыз. Ошондой эле бул акыркы, муздан турган кичинекей планетага да учуп барбайбыз. Мунун аты Плутон. Биз Жерде эле жашай беребиз ээ, Назар?

Назар башын ийкеди, анткени Мээрим ага ошол маалда чоң, таттуу алмурут сунуп жаткан.

– Эмесе менин изилдөөмдүн жыйынтыгы мындай: биз жашап жаткан планетада гана жашоого мүмкүн. Элестетсеңер, бул жерде баары тең салмактуулукта турат: температура да, суу да, атмосфераны кармап турган тартылуу күчү да бар. Кичинекей баланы апасы жуурканга ороп койгондой эле Жаратуучу Жерди атмосфера менен чулгап койгон.

Мээрим жылмайып мындай деди:

– Ооба, апам Назарды ороп койгону эсимде. Ошондо ал бешигинде жылжылуу болуп, жыргап уктап калган. Кудай Жерге кам көргөн. Ал биздин Жер бетинде жашап, тамактанып, суусундук ичип жашашыбыз үчүн, бардыгын даярдап койгон. Теңир биздин айланабызга өсүмдүктөрдү өстүрүп, жерге жаныбарларды жашатып койгон. Биз таза аба менен дем алып, басып, чуркап жүрөбүз…

– …космоско учуп кетип калбайбыз, анткени тартылуу күчү бар, – деп кошумчалады Азамат.

– Библиядагы: «Сенин иштериң кандай көп, Теңир! Сен баарын даанышмандык менен жасагансың. Жер Сен жараткан нерселерге толгон!» (Заб. 103:24) деген аятты эсиңден чыгарба.

– Дагы жейм! – деди аңгыча Назар алмурутун жеп бүтүп.

– Алагой, балакай, анан Теңирге рахмат айт, – деди Мээрим бөбөгүнө жемиштер салынган табакты жакындатып.

– Йахмат, Теңий, аймуйут үчүн! – деп жылмайды тили таттуу Назар.



*Сүрөтүн тарткан – Виктория ДУНАЕВА жана ШАКИРТ*



## *Конкурс уланууда!*

*«Жылдыздуу асманга саякат» – алты бөлүмдөн турган чакан повесть, ар бир бөлүмдүн соңунда тапшырмалар бар. 5-тапшырманы аткар. Акыркы тапшырманын да жоопторун жазганыңдан кийин, БАРДЫК жоопторду мага почта аркылуу жөнөт. БАРДЫК суроолорго туура жооп берген биринчи 20 окурманга белек бар.*

### *5-ТАПШЫРМА*

***1. Күн системасына кирген кайсы планеталарда жашоо бар?***

***2. Тилкеде желектери көрсөтүлгөн өлкөлөрдүн биринчи тамгаларын ирети менен жаз. Ошондо Библиядан алынган аяттын баш жагын табасың. Аятты толук жаттап ал.***




___ ______ _____ __ ______: _____ ________ ____ _____!

*Ошондуктан аалам бекем, солк этпейт. Забур 95,10*

# Кудай Аюбга кантип ачылып берген

*Султан КАДЫРБЕКОВ*

Байыркы убактарда, Библия али жазыла электе, Ус деген жерде Аюб деген бай, атактуу адам жашаган. Анын жети уулу, үч кызы болгон. Шайтан Аюбдун Теңирге канчалык ишенимдүү экенин сынап көрмөкчү болгон, Кудай ага ошентүүгө уруксат берген. Аюб өтө көп азап-кайгыны башынан өткөргөн: байлыгынан ажырап, бүт балдары өлүп, өзү эң жаман, коркунучтуу ооруга чалдыккан. Достору аны сооротуп, жубаткандын ордуна, Аюбду күнөөлөп, акыл үйрөтүп киришкен. Аюб болсо бир гана нерсени каалаган: ал Кудайдан жооп алгысы келген. Мындай азап-кайгынын баарын эмне үчүн көтөрүшү керектигин гана түшүнгүсү келген, анткени ал өзүнөн кандайдыр бир күнөөнү көрө алган эмес. Аюб Теңирдин жооп бербей создуктуруп жатканына бушайман болуп, Кудайды жемелей баштаган.

Акырында Кудай Аюбга бороон ичинен жооп берген! Аюб Кудайдын үнүн угуп, Ага жооп берген. Кудай Аюб менен эмне тууралуу сүйлөшкөн? Оо, бул таң каларлык окуя, укмуштуудай сөздөр эле!



*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*



«Асманды карачы, Аюб, – деген ага Кудай. – Андагынын баарын сен жайгаштырдың беле? Асман бетинде жылдыздарды, топ жылдыздарды сен жайдың беле? Сен өз өмүрүңдө таңга буйрук бердиң беле? Таң нуруна өз ордун көрсөттүң беле? Асмандан жамгыр сенин буйругуң боюнча жаайбы? Жарык кайсы жол менен жайылат? Жердин негизи эмненин үстүнө орнотулган? Жарык жашаган жерге барчу жол кайда? Караңгынын турган жери кайда? Бүркүт сенин сөзүң менен асманга көтөрүлүп, аскага уясын салабы? Анын көздөрү алыстан көрөт… Сен дагы деле Мени менен тирешип, Мага акыл үйрөткүң келеби?»

Ошондо Аюб: «Мына, мен эч нерсеге арзыбаган адаммын! Мен Сага эмне деп жооп берем?... Мен бир жолу айткан болчумун, эми жооп бербейм, эки жолу айткан болсом да, мындан ары жооп бербейм», – деди.

Бирок Теңир Аюб менен сүйлөшүүсүн улантып, мындай деген: «Мына бегемот, Мен аны...жараткам… Бул – Кудайдын жолдорунун жеткен чеги. Аны Жараткан гана ага Өз кылычын жакындата алат». Анан Кудай Аюбга бегемотту сүрөттөп берди: куйругун кедр жыгачындай бурат. Таноосунан чыккан кошкурук бир укмуш… Анын буттары жез кернейдей, сөөктөрү темир таяктардай, белиндеги тарамыштары тутумдашып турат (бул жерде динозавр жөнүндө айтылып жатат, бирок бул окуя жазылган кезде мындай сөз жок болчу).

**_Кандай деп ойлойсуң?_**

1. **Аюбду ким сынамакчы болгон?**
2. **Аюбду кимдер сооротмокчу болушкан?**
3. **Аюб менен Кудайдын ортосундагы маек эмне менен бүткөн?**

Ошентип Теңир Аюбдун көңүлүн Өзү жараткан Ааламдын, жаныбарлар дүйнөсү менен Жердин жаратылышынын улуулугу менен кооздугуна, күчү менен жеткилеңдигине буруп, сүйлөп жатты.

Аюб Кудайга моюн суна: «Сенин баарын жасай аларыңды, Сенин ниетиңди эч ким токтото албастыгын билем... Ошондуктан мен мурунку айткан сөздөрүмдөн баш тартам, топурак менен күлгө отуруп алып өкүнөм» деп жооп берди.

Теңир Аюбду айыктырып, мурдагысынан эки эсе көп байлык берди. Аюб кайрадан Чыгыштагы бай жана атактуу адамга айланды. Жети уул, үч кыздуу болду. Ушул окуялардан кийин Аюб дагы жүз кырк жыл жашап, картайып, өмүргө тоюп көз жумган.

***Кудайдын Аюбга айткан сөздөрүн Аюб китебинин 38-42-бөлүмдөрүнөн окусаң болот.***

# Жаратуучунун улуулугу жөнүндө

Чоң шаардан небереси чоң энесиникине келген эле. Кечинде экөө жаңы бышкан аппак нан менен жылуу сүт ичип алышып, террасага ыңгайлуу жайгашып отуруп, күндүн батып бара жаткандагы кооздугун карап отурушту. Түштүктө караңгы тезирээк кирет. Ай али чыга элек. Асман күңүрттөнүп, миңдеген жымыңдаган жылдыздарга толуп калды.

– Чоң эне, – деди кыз суктанып, – мен мынча көп жылдызды мурда эч качан көргөн эмесмин!

– Бул асман, берекем, – деди чоң энеси.

– Ал жакта Кудай жашайбы? – деп сурады небереси таң каларлык кооздуктан көздөрүн ала албай.

– Жок, Кудай чыныгы асманда жашайт, ал эми биз көрүп турган асман чыныгы асмандын чагылышы эле.

– Түшүндүм, чоң эне, бул сиз токуп жаткан килемдей го ээ, – деди небереси токулуп бүтө элек килемче керилип турган станокту көрсөтүп. – Биз арт жагын эле көрүп турабыз. Эгер асмандын наркы бети ушундай кооз болсо, анда ал жак укмуштуудай кооз болсо керек ээ, чоң эне!

Библияда булуттарга, тоолорго, асманга, топ жылдыздарга, бак-дарактарга, гүлдөргө көңүл бурууга чакырыктар көп кездешет. Анын баары көркөм болуп, бири-бирине айкалышып жаратылган, Кудай биздин ошол кооздукту байкашыбызды каалайт. Ал асманды биз үчүн жараткан. Кудайдын кылган иштерин көрүп, Анын бар экенине, бизди сүйөрүнө, бизге ушундай кереметтүү дүйнөнү тартуу кылганына сүйүнүшүбүздү Ал каалайт.

«Талаадагы лилия гүлдөрүн карагылачы, – деген Ыйса Машайак. – Сулайман атагы таш жарып турган учурда да бул гүлдөрдөй кооз кийинген эмес!» Розалардын желекчелеринен баштап, чокусун мөңгү баскан тоолорго чейин, бардык нерсе Жаратуучунун улуулугун жар салып турат. Мунун баарын карап туруп Жаратуучунун улуу чеберчилигин көрбөй калуу – акылсыздык, ал тургай, коркунучтуу дагы. Элчи Пабыл жаратылышты, анын бардык көркөмдүгүн карап туруп, андан Кудайды көрүүнү каалабаган адамдар Аны барк албай жатышканын эскерткен. Ошондо алардын жүрөгү күнөөгө, жамандыкка толуп, караңгылыкка чулганып калат. Мунун акыры эмне менен бүтөрүн баарыбыз эле билебиз.

Ошондуктан биз, Кудайга ишенген адамдар, таранчыны, же тоңкулдакты көрсөк, же эски ак кайыңдын желге ыргалган укмуштуудай кооз «чачтарын», көк асманда калкыган аппак булуттарды көргөндө кубанбай коё албайбыз…

Баарын Кудай керемет жараткан, ошол кооздуктун баары биз үчүн жаратылган. Теңир ыраазы болушубузга, урмат-сыйга, табынып таазим этүүгө татыктуу.

*Султан КАДЫРБЕКОВ*





# Жаратканды даңктоо ыры

*Розалия ШАЙЫКОВА*

Бүтө албаймын мен суктанып –
Баарын, Теңир, жараттың,
Кереметтүү айлананы,
Сулуулугун ааламдын.

Сөз жетпейт го сүрөттөшкө
Иштериңди ажайып.
Ар убакта даңктасам дейм
Чексиз күчүң, акылың!

Жерди, көктү, жылдыздарды,
Жараткансың, Теңирим!
Сан жетпеген периштени
Жараткан да бир Өзүң!

Сууга толгон булуттарың,
Калкып жүрөт асманда,
Сени даңктайт кең дайралар,
Көк тиреген тоолор да!

Киттер, дельфин, көп балыктар
Океанда сүзүшөт,
Түмөндөгөн түркүн куштар
Көктө учуп жүрүшөт.

Көпөлөктөр түркүн түстүү,
Жалбырактар күздөгү,
Кандай кооз, кандай көркөм,
Чөптөр, бакча гүлдөрү.

Эгинди да Сен өстүрүп,
Толтуруп дан бересиң.
Чымчыктарга мукам үндү
Берген дагы Сен Өзүң.

Сөз жетеби сүрөттөшкө,
Кереметтүү сүйүүңдү?!
Каның төгүп, Голгофада
Бердиң бизге өмүрдү.

*Сүрөтүн тарткан –*
*Александр ВОЛОСЕНКО*



**Билесиңби?**

Сен бүкүр киттин сүт эмүүчүлөрдүн арасында музыкага эң жакын жаны бар экенин билесиңби? Бирок анын үн чыгаруучу органдары жок. Бүкүр киттердин ырлары өтө татаал, алар 35 мүнөткө чейин созулуп, жүздөгөн километр аралыктан угулат.





# Канышай токойдо

*Жээнбек жана Лариса БЕРДИЕВДЕР*

Канышайды апасы токойго алып барып келүүнү көптөн бери ойлоп жүргөн. Акыры ошол күн келип жетти. Эртең менен күн жаркырап чыгып, айлана мемиреп турду. Канышай апасы экөө таң атпай туруп, тамактанып, кечээ кечинде даярдап койгон буюмтайымдары менен тамак-ашын алып, вокзалга жөнөштү. Вокзалдан поездге түшүп, бир нече мүнөттөн кийин жолго чыгышты. Тышта станциялар, кыштактар, үйлөр, дарактар көрүнүп, улам артта калып жатты.

Бир маалда поезд токтоп, Канышай менен апасы перронго чыгышты. Алар менен чогуу поездден көп киши түштү – балдарын ээрчиткен ата-энелер, дачасына келгендер, балыкчылар. Баары бийик бактардын арасынан өткөн жолго түшүп, алдыны көздөй жөнөштү.

Канышай менен апасы артта келе жатышты. Станциядан бир аз алыстагандан кийин алар туш тарабынан дарактар курчаган токойдун ичине жетишти. Бул жер апасы айтып берген токой экенин Канышай дароо билди. Экөө алгач сейилдеп, андан соң дарыяга барып, сууга түшмөкчү болушту.

Токойдун арасы жарык, кооз эле. Күндүн нурлары бийик дарактардын жалбырактарынын арасынан өтүп, аларды алтын жиптер менен жерге бекем байлап койгондой сезилет. Токойдо түркүн куштардын сайраганы дапдаана угулуп турду. Көпөлөктөр гүлдөн гүлгө учуп-конуп жүрүшөт. Баары адаттан тыш болгондуктан, кыз апасынын артынан үндөбөй келе берди. Кандайдыр бир коңуз тимеле катуу зыңылдап, Канышайдын башына жакын учуп өтүп, чөптүн арасында кирип кетти. Канышай чөпкө отурду, ал өзүн сыйкырдуу дүйнөгө келип калгандай сезди.

Чөптөрдө, жалбырактарда, гүлдөрдө шүүдүрүмдүн тамчылары жылтылдайт. Айлангөчөк өз иштери менен бир жакка учуп кеткенге даярданып, бир гүлдүн бетине чыкмакчы болуп, гүлдүн бутакчасы менен өйдөнү көздөй шашыла жөргөлөп бара жатат. Мээнеткеч кумурска кандайдыр бир тоголок нерсени тоголотуп бара жатат. Анда санда анысынын ары-бери жагына чыгып, эс алгансып коёт да, кайрадан алдыны көздөй түртүп жөнөйт.

Канышай аны жүгүн кай жакка алып баратканын көрмөкчү болду эле, аңгыча бирөө анын чачынан катуу тартып жиберди. Кыз башын көтөрүп, үстү жагынан кандайдыр бир жандыктын тумшугун көрдү.

– Апа! – деп кыйкырып жиберди Канышай корккондон.

– Эмне кыйкырасың? Бул деген Зорька да! – деген үндү укту ал.

Канышай үн чыккан жакты карап, бир баланы көрдү. Ал Канышайды жылмайып карап турган эле:

– Сен эмне, өмүрүңдө уй көргөн жок белең?

– Жок, – деди Канышай тынчтана түшүп.

– Зорька сүзбөйт, биз аны саап, сүтүн ичебиз, – деди бала. – Ал балдарды жакшы көрөт.

Агала-карала болгон Зорька Канышайды чоң, капкара көздөрүн кадай карап турду. Анан калса жылмайып да тургандай сезилди. Бала болсо:

– Жүрү, кеттик! – деди да, токойдун арасын көздөй басты. Уй анын артынан жөнөдү.

Апасы Канышайды жетелеп, экөө дарыяга жөнөштү. Жээктеги бийик кайыңдын түбүнө жайгашышты. Канышай үшүп калгыча суудан чыкпай жүрө берди, анан күнгө кактанып жылынды. Андан соң апасы экөө алып келген тамак-ашын чөптүн үстүнө эле коюп, тамактанышты. Канышай тамакты эч качан мынчалык табит менен жебесе керек!



Бул күн сонун күн болду! Кечинде үйгө келе жатышканда, Канышай болуп өткөн окуяларды эстеп келе жатып, минтип сурады:

– Токойду ким ойлоп тапкан? Коңуздарды, курт-кумурскаларды, гүлдөрдү, уйду ким жараткан? Ким?!

– Кудай! – деди апасы жылмайып.

– Өзү эле жалгызбы?

– Өзү эле жалгыз!

Канышай апасын ишенкиребей карады. Ал бөлмөсүнүн терезесинен сыртта чоң үйдүн курулушу жүрүп жатканын карап турган учурун эстеди. Курулушта абдан көп киши күн-түн дебей иштеп жаткан, бирок үйдүн курулушу көпкө созулган эле. Ошон үчүн токойду, анда жашагандардын баарын Кудай жалгыз эле Өзү жаратып койгон дегенди элестетүү ага кыйынга турду. Төрт жашар Канышай Кудайдын мындай күчүнө суктанып, кубанып жатты.

– А Кудай чоңбу? – деп сурады кыз.

– Ал улуу Кудай! – деп жооп берди апасы. – Сен айланаңда көрүп турган нерсенин баарын Кудай жараткан: сени, мени, канаттуулар менен жаныбарларды, гүлдөрдү, дарактарды, дарыялар менен көлдөрдү, деңиздер менен океандарды, тоолор менен чөлдөрдү. Баарын!

Түндө Канышайдын түшүнө токой кирди. Чоң жана күчтүү Бирөө аны колуна көтөрүп алыптыр. Ал токойдун, дарыялардын үстүнөн учуп жүргөнсүйт. Түшүндө Канышай сүйүнүп, жылмайып жүрдү.

*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*




## Билесиңби?

Американын тропикалык токойлорунда кеңири тараган василиска деген кескелдириктин түрүн суунун үстүнөн чуркай ала тургандыгы үчүн кээде «Ыйса Машайактын кескелдириктери» деп атап коюшарын билесиңби? Василискалар жалпак тамандарын суунун бетине горизонталдуу коюп, анан да өтө тез (саатына 12 км чейин) чуркагандыктан, суунун бетиндеги плёнка айрылып кеткенге үлгүрбөйт.





# Айды, күндү, жылдызды




1. Айды, күндү, жылдызды,
Ким асманга тургузду?

***Кайырма:***

Жараткан Теңир баарын,
Сен да Аны даңктагын.

2. Деңизди толкундаган,
Кумду да жылтылдаган.

3. Балыкты, суудa сүзгөн,
Чымчыкты, учуп жүргөн.

4. Асман канаттууларын,
Талаа гүлдөрүн дагы.

*Сүрөтүн тарткан – Татьяна КОСТЕЦКАЯ*



# ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ СЫРЛАРЫ



**Жаратуучу Кудайыбыз жашылча-жемиштерди да ар кандай баалуу касиеттери бар кылып жараткан. Бул жерден айрым жашылча-жемиштер жөнүндө кызыктуу маалыматтарды билип алсаң болот.**

1. Бардык цитрус жемиштеринин ичинен кивиде С витамини эң көп.
2. Чили калемпиринин көлөмү канчалык кичине болсо, ошончолук ачуу болот.
3. Алманын өзүнө караганда кабыгында пайдалуу заттар алда-канча көп.
4. Дүйнө жүзүндө күрүчтүн он беш миңге жакын, алманын жети миң, помидордун беш миң түрү бар.
5. Айрым жашылчалар биз түшүнгөндөн таптакыр башкача. Мисалы: кулпунай – бул жаңгак, ал эми коон, дарбыз жана ашкабак мөмөлөр болуп эсептелет.
6. Шабдалы түркүмүнө бадам да кирет.
7. Капустада 90%, дарбызда 92%, сабизде 87% суу бар.
8. Кофеге караганда алма адамды алда-канча жакшы сергектентет, анткени алмадагы табийгый шекер кофеинге караганда алда-канча жакшы. Ошондуктан эртең менен кофе ичкенге караганда алма жеп, же алманын жаңы сыгылган ширесин ичсе пайдалуу.



# ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШТЕР

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| М | И | Н | О | К | А | П | У | С | Т | А | П | Е | Т | А |
| Й | Ү | А | Н | А | Н | А | С | Ш | О | Ш | Р | Ю | Ц | П |
| Л | Ы | Ф | И | Р | Е | С | Ө | Ж | Ы | К | В | Д | И | Т |
| Ж | Ь | Ю | Н | Т | П | Е | Э | Ү | Н | А | Ы | Ң | О | С |
| Ү | Т | Б | Ж | О | Й | М | А | Г | З | Б | А | Н | А | Н |
| З | К | А | Я | Ш | Г | М | Ү | Ө | Р | А | С | Я | Т | Х |
| Ү | П | Д | Е | К | Л | Г | П | Р | М | К | Ф | С | А | У |
| М | А | Ы | Ф | А | Т | Ч | О | Ү | Щ | Е | Т | Д | Л | Н |
| И | Т | Р | И | Ш | А | Б | Д | А | Л | Ы | Н | Е | О | И |
| О | Д | А | Ф | К | Г | А | Б | С | Н | У | Я | О | Ф | Т |
| Ц | Ч | Ң | П | У | Ң | Д | К | Б | А | Р | К | У | Л | Ө |
| М | Н | О | Ч | Т | В | А | У | К | Ы | З | Ы | Л | Ч | А |
| Х | К | А | Г | А | Л | М | У | Р | У | Т | П | Т | И | Р |

**Таблицадан төмөнкү 14 сөздү тап. Бул сөздөр туурасынан, тигинен жана диагоналынан жайгашкан.**

*капуста, картошка, ашкабак, алма, бадам, алмурут, коон, жүзүм, шабдалы, банан, бадыраң, кызылча, жүгөрү, ананас.*



*Түзгөн – Рита ШЕКЕРОВА*






Кроссворд

# ЖЕР ЖЕМИШТЕР

**Бул жерде сүрөтү тартылган жашылча-жемиштердин баарынын атын билесиңби? Алардын аталыштарын тиешелүү номерлер боюнча жазып, кроссвордду толтур.**



## Билесиңби?

Чоң кенгуру саатына 60 км ылдамдыкта чуркап, 3 метр бийиктиктеги тосмодон секирип өтүп, 13 метрге (денесинен алты эсе узун) чейинки аралыкка секире алаарын билесиңби?




*Түзгөн – Элвира КАДЫРБЕКОВА*






































*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*




Петер МАРТИН

**Лука жазган Жакшы Кабар, 2-бөлүм (Ыйса төрөлгөндөн кийинки 31-ж.)**

# Назареттеги шакирт

Ыйса Назаретте чоңойгон. Башка бардык эркек балдар сыяктуу эле Ал да жазганды, окуганды синагогадан үйрөнгөн. Аны тарбиялап өстүргөн Жусуптан жыгач устачылыкты үйрөнгөн.




Сүрөтүн тарткан – Петер КЕНТ


Балдарга сабак өтүп жаткан устатты тап.



Арфа чертип жаткан аялды тап.




Бүгүнкү күндө жыгач усталар колдонгон курал-жабдыктар Ыйсанын учурунда колдонулгандарга окшош. Ал эми жаага окшогон бургу башкача. Аны тапчы.



Жети шамдал, же менора жыйын чатыры үчүн жасалган эң биринчи шамдалды эске салат. Аны тап.



Ыйык Жазуу пергаменттен жасалган түрмөк кагаздарга жазылган, аларды атайын шкафка сакташкан. Ошону тап.



Кудайчыл жүйүттөр сыйынган учурда талит (узун чачылары бар чоң жамынчылар) жамынышчу. Көчөдө туруп алып сыйынып жаткан үч кишини тап.



Кудуктан суу сузуп алып жаткан аялды көрүп турасыңбы?



Жүздөгөн жылдар бою балдар чоң шакек түрүндөгү оюнчук, топ, кеглилер менен ойношот. Ойноп жаткан эки баланы тап.



Эшек минип жүргөн үч кишини тап.



Мойнуна козу көтөрүп келе жаткан койчуну тап.




Үйлөрүн шыпырып жаткан эки аялды тап.



Үрөн сээп жаткан дыйканды тап.



Үйлөнүү тою өтө турган жерди жасалгалап жаткан кыздарды көрүп жатасыңбы?



Ыйсанын учурунда иштей албаган адамдар кайыр сурoого аргасыз болушкан. Кайыр сурап отурган үч жакырды тап.



Үйүнүн үстүнөн көчөнүн ызы-чуусуна көз салып турган карыяны тап.



Чаначтан суусундук ичип жаткан эки жумушчуну тап.



Койлор короосунан чыгып кетишиптир. Көчөдө канча кой чуркап жүрөт?



Май сыккан жаргылчактын ташын айлантып жаткан эшекти тап.



Акырда канча өгүз тоют жеп атышат?



# Иван Степанович Проханов

**1869–1935**



***Улуту орус, жакшы кабарчы, өмүрүн толугу менен Теңирге кызмат кылууга арнаган адам.***

Алтымыш алты жаш – бул көппү, же азбы? Бул суроого ар кандай курактагы адамдар ар кандай жооп беришет. Балдар жана жаштар үчүн бул көп. Кырк жашка чыккандар үчүн 66 андай деле көп эмес. Ал эми бул куракка жакындап, же бул курактан өтүп калгандар бул али карылык эмес дешет. Өмүрү толугу менен Теңирге кызмат кылууга арналган, орус жакшы кабарчысы Иван Степанович Проханов ушунча жыл жашаган. Ооба, бул 100 же 80 жыл эмес, бирок узак жашаган көп адамдар деле бул адам кылганчалык көп иш кылып, бул адам башынан өткөргөнчөлүк нерсени баштан өткөрүшкөн эмес.






*«Машайакчы» журналынын үстүнөн иштөө учуру*




*«Гусли» рухий ырлар жыйнагы*

Иван Проханов Владикавказда туулган, ата-энеси ишенген адамдар болчу. Атасы айыл чарбасы менен алектенип, бай киши боло турган. Бирок жашоо оңой эмес эле: падышалык өкмөт расмий Православие чиркөөсүнө таандык болбогондорду акмалап, куугунтуктап турган, ал эми Прохановдор Жакшы Кабарчы жамааттын мүчөлөрү болчу. Кичинекей Ваня бала чагынан Кудай Сөзүн угуп, чогулуштарга барып чоңойгон, ошондуктан 17 жашында эле сууга чөмүлдүрүлүп, жекшембилик мектепте сабак бере баштаган.

Туулуп өскөн шаарында орто окуу жайды бүтүрүп, Иван Санкт-Петербургга окуганы кетет. Ал кезде Россия империясынын борбору чуулгандуу саясий окуялардын да борбору болгон. Өлкө согуштар менен төңкөрүштөрдүн босогосунда турган.

Студент Проханов Жакшы Кабар таратуу кыймылына активдүү катышып, жыйындарда насаат айтып, Жакшы Кабарды жумушчулардын арасында таратып, жаштар конференцияларына катышкан. Анын ишмердүүлүгү бийлик органдарынын көңүлүн бура баштагандыктан, ал камалып кетпөө үчүн Англияга кетип, Бристолдогу колледже Кудай Сөзүн изилдөө боюнча билим алат. Анын поэтикалык жана музыкалык жөндөмдөрү ошол жакта толугу менен ачылган. 1901-жылы Россияга кайтып келген Проханов машайакчылык мазмундагы гезит-журналдарды чыгара баштайт («Машайакчы» деп аталган белгилүү журнал 1906-жылдан 1928-жылга чейин чыккан), рухий мазмундагы ырларды (сөзүн да, музыкасын да) жазат, китептерди чыгарат, ошондой эле куугунтукталган бир туугандарга юридикалык жардам көрсөтөт.

1902-жылы И. С. Проханов «Гусли» деп аталган биринчи рухий ырлар жыйнагын басмадан чыгарган. Кийинки жылдар ичинде башка дагы ыр жыйнактар чыгып, аларга чет өлкөлүк жана ата мекендик авторлордун чыгармалары киргизилген. Азыркыга чейин колдонулуп келе жаткан «Песнь Возрождения» деп аталган ыр жыйнактын негизин түзгөн ырларды дал ушул Иван Степанович жазып, топтогон. Бүгүнкү күндө да Россиядагы Жакшы Кабарчы жыйындарда бир да чогулушту бул ыр жыйнаксыз элестетүү мүмкүн эмес. Иван Степанович өзү алты жүздөн ашуун ырдын автору болуп эсептелет.

1909-жылы Прохановдун активдүү катышуусу менен Жакшы Кабарчы машайакчылардын бүткүл россиялык союзу – ишенгендердин көп сандаган топтору менен жамааттарынын Теңирге бирге кызмат кылуу үчүн бириккен уюму түзүлгөн. Аны президент болуп Проханов тандалып, эки жылдан кийин ал ушундай эле эл аралык бирикменин ишине катыша баштаган.

Жакшы Кабарчы машайакчылардын союзу миссионерлерди өлкөнүн алыскы райондоруна, ал тургай, Ыраакы Түндүккө чейин жөнөткөн, ал эми кызматкерлердин саны алты жүз адамга жеткен. Машайакчылар социалдык иштерге да активдүү катышып, жардыларга, түрмөдөгүлөргө жана оорулууларга көмөк көрсөтүшкөн.



*Жакшы Кабарчы машайакчылардын Санкт-Петербургда өткөн биринчи бүткүл россиялык съезди 14-26-сентябрь, 1909-ж.*

Иван Степанович билимдин өтө маанилүүлүгүн түшүнгөн, ошол себептен 1913-жылы анын демилгеси менен насаатчылар үчүн библиялык курстар ачылган, ошол курстар Россияда Кудай Сөзүн изилдөө боюнча эң биринчи протестанттык мектептин пайдубалын курган.

1917-жылдагы революциядан кийинки биринчи жылдары өлкөдө дин тутуу эркиндиги берилген. Бирок эркиндик узакка созулган эмес. 1923-жылы Проханов согуштук аракеттерден баш тартууга чакыргандыгы үчүн камакка алынган. Өлкөдө бийлик алмашкан, бирок Кудайдан алыс адамдардын жүрөктөрү ырайымсыз, катаал бойдон кала берген.

Андан ары карай жагдай тездик менен начарлай берген, согушчул атеизм күч алган. Жыйындарды жаап, чачыратып жиберишкен. Насаатчыларды камап, Жакшы Кабарды жарыялоого тыюу салып, ишенгендерди куугунтукка алышкан. 1928-жылы Иван Степанович бир жылдан кийин кайтып келем деген ойдо чет өлкөгө чыгып кеткен, бирок мекенине кайтып келсе камакка алынаары көп өтпөй айкын болгон. Проханов чет эл, чет жерде калуу чечимин чыгарууга аргасыз болгон. Ал ошентип жети жыл чет жерде жашап, адабий ишмердүүлүгүн улантып, Бүткүл Дүйнөлүк жакшы кабарчы машайакчылар союзунун жана «Чыгыш жарыгы» миссиясынын ишине катышкан. Ал 1935-жылдын 6-октябрында Берлинде дүйнөдөн кайткан.



*И. С. Проханов Нью-Йорктогу Жакшы Кабарчы машайакчылардын жыйынында, 1925-ж.*



*СССРден Америкага бара жаткан кемеде.*

Анын 66 жылдык өмүрү көп нерсени камтыган. Бул тууралуу «Россиянын казанында» деген автобиографиялык китептен окууга болот, бул китептин үстүнөн Иван Степанович өмүрүнүн акыркы жылдарында иштеген.

*Нагима ОРОЗБЕКОВА*



# БУЛУТТАР

Мен кичинекей кезимде, кадыресе эле нерселерди толук түшүнө элек кичинекей кезимде күнү кечке укмуштуудай кыялдарга бата берчүмүн. Ал кыялдарым өзүмө гана таандык болчу. Өз кыялдарымдын дүйнөсүнө, атүгүл, ата-энемди да киргизчү эмесмин. Балким киргизсем, алар менин акылсыз башымдагы ойлорумду чындыкты көздөй алып келүүгө чоң салым кошушмактыр.

Бир жолу менин балалык аң-сезимимде аппак булуттардын үстү менен, биринен экинчисине секирип, периштелердин курчоосундагы ырахат жөнүндө ырдап, Теңирдин сулуулугу менен кооздугун сезип жүрсөм деген укмуштуудай курч кыял пайда болду.

Ошол кезде биз үй-бүлөбүз менен чогуу Крым жарым аралынын укмуштуудай кооз бир бурчунда эс алып жүргөнбүз. Саякаттаганды абдан жакшы көргөн атам апамды, мени, инимди Крымдын Алупка шаарынын жанында заңкайып турган Ай-Петри деген бир тоосуна алып чыкты, бул тоо Крымдын Түштүк жээгинин символу экен. Ай-Петринин арстандын азуусундай аркайган эң бийик чокуларын барпайган булуттар басып турду. Мына ошондо менен тоонун чокусуна чыксам, кыялымды сөзсүз орундатам, сөзсүз булуттарга чыгып отурам деп ойлогон элем.

Тоого чыгуу оңой болгон жок: жолдун кандайдыр бир бөлүгүн машина менен басып өттүк, андан соң улам бурулуп жүрүп отурма серпантиндер аркылуу тоонун чокусуна жөө чыгып бараттык. Жолду коюу туман каптап, басым менен температура бирде жогорулап, бирде төмөндөп жатты. Баарыбыз  аябай чарчадык, бирок акыры көздөгөн максатыбызга жеттик, тоонун эң чокусуна чыктык. Мен эч качан мынчалык бийиктикке – 1234 метрлик бийиктикке чыккан эмесмин! Айланада адамдар көп эле, алар экскурсия кылышып, кээ бирлери сүрөткө түшүп жатышты, а мен болсо арбалган немедей жарды көздөй бара жаттым. Жардын чети анча бийик эмес тосмо менен тосулуптур.

Тосмонун жанына жеткенде Кудайдын жараткан керемет жаратылышы бет алдымда көрүнүп турду. Туш тарапта жүз жылдык кызыл карагайлар өскөн калың токой, деңиздин кууш тилкеси көк асманга уланып кеткенсип, ал эми түркүн формадагы аскалуу тоолор эми ылдыйда калган эле. Менден эки-үч аттамдай эле жерде тереңдиги жүздөгөн метр болгон туңгуюк. Аны ойлогондо бүткөн боюм дүркүрөп кетти.

Аңгыча тумандын коюу үзүмүндөй болгон аппак нерсеге көңүлүм бурулду. Ал так эле менин алды жагымда калкып бара жаткан эле. Мен анын булут экенин дароо билдим. Колумду сунуп, өзүм элестеткендей, жагымдуу, кебездей жумшак булутту кармалап көргүм келди. Бирок өзүм күткөн нерсени сезе алган жокмун. Ошондо мен булуттун көзгө көрүнгөн, бирок колго кармалбаган буу экенин түшүндүм.

Муну түшүнгөндө көңүлүм аябай чөгүп, көз жашым мөлтүлдөп агып кетти. Ал кезде бала элем да. Азыр бой жетип, асман телолорунун физикалык мыйзамдарын окуп-үйрөнсөм деле түбөлүктүү жашоодо, жаңы денеге ээ болуп, Асмандагы Атамдын жанына барганда сөзсүз булуттардын үстүнө отурам деген кыялым жүрөгүмдө жашап келет.

*Алина МИНАЕВА*







# КУДАЙДЫН «КЕРЕМЕТТҮҮ ШЕКЕРИ» ЖӨНҮНДӨ

*Рита ШАМИЛ*

*Кудай «изилденгис, сансыз көп, укмуштуу, улуу иштерди жаратып жатат». Аюб 5:9*

Кудайдын кереметтери майда да, чоң да жаныбарлардын жашоосунан көрүнөт. Бир нече секунд да өтпөй, чымын менин чайымдагы балдын жытын сезе коюп, андан татып көргүсү келди.

Эң майда жандыктардын да жыт билүүсү адамдыкына караганда бир топ күчтүү болот. Ашканадагы үстөлдө стаканда куюлуп турган ширеге аары кайдан-жайдан экени белгисиз учуп жетип келерин көрүп таң калдың беле?

Жакында мен бөлмөмдө алча кошулган пирогдун бир кесимин калтырып коюпмун. Эртеси аны жейин десем, кумурскалар менден биринчи үлгүрүп жеп кетиптир. Алар чындап эле менин пирогумду мойсоп коюшуптур. Мен кайгырып отуруп калдым.

Окумуштуулар беш грамм шекер бир литр сууга салынса, адамдар ошонун даамын гана татып көрүп биле алышат деген жыйынтыкка келишкен. Ал эми ушунча эле өлчөмдөгү шекер эки жүз литр сууга салынса да, чымын аны билип коё алат экен. Ал эми көпөлөктөр анча шекердин даамын бир жарым миң литр суудан да билип коюшат экен. Бут керемет эмей эмне, чынбы?!



*Сүрөтүн тарткан – Екатерина ПРАВДОХИНА*

# ЖАШЫРЫЛГАН АЯТ

**Бул жерден тамгаларды таап, боёп чык, ошондо кайсы аят жашырылганын көрөсүң.**



# КУДАЙДЫН КЕМЕҢГЕР АКЫЛМАНДЫГЫ ЖАНА АДАМДЫН АҢ-СЕЗИМИ



Биздин Кудайыбыз – улуу жана акылман Жаратуучу. Ал жараткан табийгат да адамга мунун көптөгөн далилдерин көрсөтүп турат. Адам жаратылыштан – жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнөн – көптөгөн майдабарат купуя сырларды көрүп, анан аларды жашоосунда колдонот. Атүгүл, адам “өзүм ойлоп таптым” деп эсептеген нерсе да жаратылышта бар, мисалы, аттиш жана компас, самолёт менен электр тогу, бургу менен желим, парашют жана кагаз.

Адамдар ойлоп тапкан жабдыктар сапаты жагынан жаратылыштын өзүндө болгондордон алда-канча кем калышаарын окумуштуулар өздөрү да моюнга алышат.

Кумурска-арстан деген таң каларлык жандык бар. Анын өзү ийнеликке окшош, бирок аты куурчакчасынан улам коюлган. Куурчакчасынын орокко окшогон, чоң, аттиштей бекем жаагы бар. Куурчакчасы кумдун арасында жашап, түтүккө окшогон чуңкурларды казат. Түтүктүн четине кумурска жөрмөлөп келгенде, кумурска-арстан өзүнүн аттиштери менен ага кум ыргытып, кулатат. Олжосун аттиштери менен кармап, тешип, ичиндегисин соруп алат да, тышкы кабыгын ыргытып таштайт. Мына ошентип, анын аттиштей болгон жаагы көп функцияларды аткарат.

Адамдар колдонгон курал-жабдыктар да – аттиштер, кычкачтар жана кыпчыгычтар – бир нече функцияларды аткарат. Алар менен кандайдыр бир нерселерди кесип, жулуп, бурап, бекитип жана башка иштерди кылса болот.

Куурчакчага өзүнүн таң каларлык жабдыгын колдонгонду ким үйрөткөн? Кичинекей кумурскага бир нече функцияны аткара турган чыныгы аттишти ким берген? Кээде алардын мүмкүнчүлүктөрү адам жасаган курал-жабдыктардыкынан алда-канча көп болот. Албетте, мунун бир гана жообу бар – мунун баарын Кудай гана кылган!

*Нагима СУЛАЙМАНОВА*

*Сүрөтүн тарткан – Екатерина ПРАВДОХИНА*

**ОКУ!**

Сөздөрдөгү үндүү тамгалар калтырылып кеткен жерлерди толуктап жаз, ошондо забурчу Дөөт өзүнүн Жаратуучусуна кандай мамиле кыларын билесиң.

А И Е Ү Е Ө Е Ү Е Ү А

М _ Н   С _ Н _   Б _ Т   Ж _ Р _ Г _ М   М _ Н _ Н   Д _ Ң К Т _ Й М







# ЖАРАТЫЛГАНБЫ ЖЕ ЖАСАЛГАНБЫ?

*Түзгөн – Элвира КАДЫРБЕКОВА*

Сүрөттө көрсөтүлгөн предметтердин канчасын Кудай жаратканын, ал эми канчасын адам жасаганын эсептеп чык.



*Сүрөтүн тарткан – Елена МАМАЕВА*

# КҮНДҮН НУРУ




*Рината БОЛУШЕВА*


*Сүрөтүн тарткан – Ирина ПОМЕРАНЦЕВА*



Күндүн күлмүңдөгөн кичинекей Нуру жашыл шалбаада ойноп жатты. Ал гүлдөрдүн желекчелери менен ойноп, бир мөмөдөн экинчи мөмөгө секирип конуп, Күндү карап кубанып жатты.




Аңгыча Шамал пайда боло калды. «Эй, Шамал! Үйлөгөнүңдү токтот! – деп кыйкырды Нур. – Мага ойногонго жолтоо болуп жатасың! Мен талааны жылытып, жарык берип жатпаймбы.




Кудай мени ошол үчүн жараткан». – «Мени да Кудай жараткан!» – деп жайдары жооп берди Шамал. «А сени эмнеге жаратты эле?» – деп таң калды Күндүн Нуру.



«Салкын болушу үчүн. Силер, Күндүн Нурлары, жылытасыңар, биз болсо салкындатабыз». – «Менин жылуулугум менен жарыгым пайдалуу!» – деп баса белгиледи Нур.



«Албетте, пайдалуу, – деп башын ийкеди Шамал, – бирок силер эле болсоңор, анда аябай ысык болот. Айланада бардык нерсе кууруп, өлүп калат!» Ал ушинтти да, алыстап кетти.



«Демек, мен да, Шамал да жаратылышка керек экенбиз да. Кандай сонун!» – деп ойлонду Күндүн Нуру. Анан ал кайрадан шалбаада ойной баштады.





Бирок көк чөптүн үстүндө оор Булут пайда болуп, андан Жамгыр төгүлдү. «Эй, Жамгыр! Сен кайдан?» – деп сурады Нур.



«Мен мына бул Булуттун ичинен, – деп жооп берди жайдары Жамгыр. – Менин үйүм ушул! А сен кимсиң?» – «Мен Күндүн Нурумун! Мени Кудай жылуулук жана жарык беришим үчүн жараткан. Мен бардыгына эң керекмин!»



«А эмне үчүн мен сени көрбөйм?» – деп сурады Жамгыр. «Анткени мен сенден жашынып жүрөм да!» – «Ой! Күлкү келерлик го! – деп каткырды Жамгыр. – Эмнеге жашынасың?



Мен келгенде баары сүйүнүшөт! Менин тамчыларым жалбырактар менен кандай ойноп жатышканын карачы! Сен сыяктуу эле мени да Кудай жараткан.



Сен жылуулук жана жарык бериш үчүн кандай керек болсоң, суу жана өмүр бериш үчүн мен да ошондой керекмин!» – «Кандай сонун! – деп сүйүнду Күндүн Нуру.



– Демек, баарыбыз тең керек экенбиз да, баарыбызды Кудай жер бетиндеги жашоо үчүн жаратыптыр да!» – «Ооба! – деп жооп берди Жамгыр. – Бери чык! Жашынба! Кел, чогуу ойнойбуз!»



Күндүн Нуру талаага чыкты, анан Жамгыр экөө ойноп, токой арасындагы талааларды аралап сызып-учуп жүрүштү.




Ал эми Күндүн Нуру менен Жамгыр барган жерлерде Күн желеси пайда болуп, өзүнүн түркүн түстөрү менен ойноп, айланадагылардын баарын кубантып жатты.



# БАШ КАТЫРМА

**Кайсы эки дарак опокшош?**




## КИТ ЖӨНҮНДӨ

*Дария ШАПИЕВА*

Океанда
Кит сүзөт,
Жонунан бүркөт
жамгырды.
Көктө, жерде
суу барда,
Жашоосу шаңдуу
Баарынын!



## ТЫЙЫН ЧЫЧКАН ЖӨНҮНДӨ



Тыйын чычкан
Шамдагай,
Бактан бакка
секирет.
Жанында ойноп
балдары
Даамдуу жаңгак
кемирет.

*Сүрөтүн тарткан – Елена МАМАЕВА*





# АЛКАКТАГЫ СҮРӨТ «АЛТЫН ЖАЛБЫРАК»

*Түзгөн – Вера НАЙДА*



**1.** Керектүү материалдар жана куралдар: ПВА клей, кыл калем, кайчы, майда шуру (2-3 түстөгү), картон, алкак жасаш үчүн 4 таякча, күрөң боёк, клёндун кургак жалбырагы, шпагат жип.



**2.** Таякчаларды боёп, картондун четине чаптайбыз.



**3.** Жалбыракка клей сыйпап, картондун бетине чаптайбыз.



**4.** Картонго чапталган жалбырактын бетине клейди сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып сыйпайбыз.



**5.** Жалбырактагы клейдин үстүнө майда шурудан көп кылып себелейбиз.



**6.** Клей кургаганда, ашыкча шуруларды күбүп салыш керек. Өзүбүз каалагандай кооздоп койсок болот.



**7.** Панно-сүрөт даяр!












**18-19-беттин жооптору:**

11. Назареттеги шакирт



Балдарды окутуп жаткан устат 1
Арфа чертип жаткан аял 2
Жаа сыяктуу бургу 3
Менора 4
Түрмөк китептер салына турган шкаф 5
Көчөдө туруп алып сыйынып жаткан кишилер 6, 7, 8
Аял кудуктан суу сузуп алып жатат 9
Жумушчулар чаначтан суусундук ичип жатышат 10, 11
Короосунан чыгып кеткен койлор 12, 13, 14, 15, 16, 17, 18, 19
Май сыккан жайдагы жаргылчактын ташын айландырып жаткан эшек 20
Акырдан тоют жеп жаткан өгүздөр 21, 22, 23
Үйүнүн чатырынан карап жаткан карыя 24
Кайыр сурап отурган жакырлар 25, 26, 27
Үйлөнүү тою өтө турган жерди жасалгалап жаткан кыздар 28
Үрөн сээп жаткан дыйкан 29
Үйлөрүн шыпырып жаткан аялдар 30, 31
Мойнуна козу көтөрүп алган койчу 32
Эшек минген кишилер 33, 34, 35
Ойноп жаткан балдар 36, 37

# Кудай жаратты

Күндү, асманды, ай,
жылдызды
Кудай Өзү жаратты.
Атам-апам, бир тууганым
Кудай Өзү жаратты.
Мени жана бүт адамды
Кудай Өзү жаратты,
Сулуулукту, жакшылыкты
Кудай Өзү жаратты.
Ошон үчүн сыйыналы,
Кудуреттүү Теңирге.
Ыраазы болуп, рахмат айтып,
Келели бир Өзүнө.



Даниярова Апал, Жалал-Абад жыйыны.



Даниярова Апал



Даниярова Апал, Жалал-Абад жыйыны.



ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ

Наристе

5/2020

Машайакчылардын балдарга
арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга
чын көңүлдөн берилген акча
каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары,
Башкы почтамт, а/к 2008к

© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2020-ж.

720040, Бишкек шаары,
Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы
балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү
ШАКИРТ тарткан.

Инжилчи Машайакчы Баптист
Жыйындары Союзунун басылмасы

## Жооптор

**2-бет:** «Анткени Сен мени Өзүңдүн жараткандарың менен кубанттың, Теңир» (Заб. 91:5а).

**16-бет:** ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШТЕР: →

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| М | И | Н | О | К | А | П | У | С | Т | А | П | Е | Т | А |
| Й | Ү | А | Н | А | Н | А | С | Ш | О | Ш | Р | Ю | Ц | П |
| Л | Ы | Ф | И | Р | Е | С | Ө | Ж | Ы | К | В | Д | И | Т |
| Ж | Ь | Ю | Н | Т | П | Е | Э | Ү | Н | А | Ы | Ң | О | С |
| Ү | Т | Б | Ж | О | Й | М | А | Г | З | Б | А | Н | А | Н |
| З | К | А | Я | Ш | Г | М | Ү | Ө | Р | А | С | Я | Т | Х |
| Ү | П | Д | Е | К | Л | Г | П | Р | М | К | Ф | С | А | У |
| М | А | Ы | Ф | А | Т | Ч | О | Ү | Щ | Е | Т | Д | Л | Н |
| И | Т | Р | И | Ш | А | Б | Д | А | Л | Ы | Н | Е | О | И |
| О | Д | А | Ф | К | Г | А | Б | С | Н | У | Я | О | Ф | Т |
| Ц | Ч | Ң | П | У | Ң | Д | К | Б | А | Р | К | У | Л | Ө |
| М | Н | О | Ч | Т | В | А | У | К | Ы | З | Ы | Л | Ч | А |
| Х | К | А | Г | А | Л | М | У | Р | У | Т | П | Т | И | Р |

**17-бет:** КРОССВОРД. Туурасынан: 1. Дарбыз. 3 Помидор. 5. Карагат. 8. Калемпир. 9. Бадыраң. 12. Коон. 14. Малина. Тигинен: 2. Сабиз. 4. Пияз. 6. Жүгөрү. 7. Кулпунай. 10. Ашкабак. 11. Картошка. 13. Баклажан.

**23-бет:** Жашырылган аят: «Дайыма кубангыла» (1 Тес. 5:16).

**24-бет:** «Мен Сени бүт жүрөгүм менен даңктайм» (Заб. 137:1а).

**25-бет:** 10ду Кудай жаратkan, 8ин адам жасаган.

**28-бет:** 3-4-сүрөттөр.













